# БӨЛҮКЧӨЛӨР

МУГАЛИМ: РЫСКЕЛДИЕВА А.З.

# БӨЛҮКЧӨЛӨР, АЛАРДЫН НЕГИЗГИ КАСИЕТИ

Сүйлөмгө, же сүйлөмдөгү кайсы бир сөзгө кошумча грамматикалык маани берген кызматчы сөздөр ***бөлүкчөлөр*** деп аталат.

Бөлүкчөнүн маани берүүчү негизги сөздөрдөн айырмасы: алар толук лексикалык мааниге ээ эмес жана өзүнчө жеке туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин да аткара албайт.

Мисалы: Ал жөнүндө сөз болушу *да* мүмкүн эмес.

# БӨЛҮКЧӨЛӨРДҮН МААНИСИНЕ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

| Бөлүкчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| **Чектегич:** *гана, эле* | Досум кол жетпес нерселерди *гана* самайт. Баягыдай *эле* токтоо сүйлөдү. |
| **Жалыныч:** *гой* | Атаңдын жанына жакын отура **гой**. |
| **Божомолдоо-күмөндөө:** *го, бейм, белем* | Эсептин жообу туура чыгат **го**. Алыс кетмек **белем**, кечкурун кайра эле келем. Үйүнө барып ойлогон **бейм**. Оң жооп бергенине караганда. |
| **Сурама:** *ээ, ыя* | Айылга качан барасың, **ыя**? Кечинде сөзсүз жомок окуп беремин, **ээ**? |
| **Тангыч:** *эч* | **Эч** болбосо телефон чалып тур. |
| **Күчөткүч:** *өтө, абдан, эң, түк, чымкый, ого бетер, ылгый, өңчөй, дегеле, тим эле, жөн эле* | Сагызган **абдан** сак болот. Куштардын **эң** алгыры бүркүт болот. Шамал **ого бетер** күчөдү. Кездеменин арасынан **өңчөй** кызылын тандап алдык. |
| **Аныктагыч-тактагыч:** *да, деле, дагы, так, как, куду* | Тамак бышкан маалда атам **да** үйгө келип калды. Досум **куду** меники сыяктуу күчүк сатып алыптыр. Кеч киргендиктен, биз **дагы** үйгө кайттык. |

# ЧЕКТЕГИЧ БӨЛҮКЧӨ

***Чектегич бөлүкчө*** -маани берүүчү негизги сөздөрдөн жана жандоочтон кийин келип, бир затты, белгини, кыймыл-аракетти башкалардын ичинен ажыратып бөлүп көрсөтүү, чектөө маанисин билдирет. Алар: *гана* , *эле*.

Мисалы: Досум кол жетпес нерселерди *гана* самайт. Баягыдай *эле* токтоо сүйлөдү.

# КҮЧӨТКҮЧ БӨЛҮКЧӨЛӨР

***Күчөткүч бөлүкчөлөр*** дайыма байланышкан сөзүнөн мурун келип, анын маанисин күчөтүп көрсөтөт.

Мисалы: Бүгүн күн *өтө* ысык болду.

Тапкыла:

1.Андан ары тез жана чечкиндүү аракеттенүү зарыл болгондой, ал үчүн өтө маанилүү учур болчу. *(Ч.А.)* 2. Мунабия боюна жараштыра узун этектүү чымкый кара көйнөк кийип, чачылуу кара жоолукту башына шалкы салынып, ээн жолдун дал ортосу менен түптүз басып жалгыз келаткан экен.

# АНЫКТАГЫЧ-ТАКТАГЫЧ БӨЛҮКЧӨЛӨР

**Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр** айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдүн маанилерине кандайдыр аныктык, тактык белги маанилерин кошумчалайт.

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөргө : ***да, дагы, деле, дале, деги, нак, как, куду, так, дал, кап*** деген сыяктуу бөлүкчөлөр кирет.

Тапкыла:

1.Ошо жылдары күнү-түнү иштесем да чарчачу эмесмин. *(К.С.)* 2. Мен деле көрдүм ал баланы. Киши түгүл, айбанды алдабайт ал бала. Алдай албайт. Кайрадан ачууланды. *(Б.У.)* 3. Так ошо учурда балдар сойлоп барып, коонду алып кетишчү.(*М.А.)*

# ТАНГЫЧ БӨЛҮКЧӨЛӨР

Тангыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө айтыла тургун ойду, фактыны тануу, жокко чыгаруу маанилерин кошумчалайт.

Буга ***эч, тургай, турмак, турсун, түгүл*** өндүү бөлүкчөлөр кирет.

***Эч*** деген тангыч бөлүкчө сурама ат атоочтор менен кошулуп айтылып, тангыч ат атоочторду уюштурат: ***эч качан, эч ким, эч нерсе, эч кандай*** ж.б.

Кээ бир сөздөрдө уңгуга кошулуп, сөз болуп биригип да кеткен.

Мисалы: ***эчтеме, эчтеке.***

# СУРАМА БӨЛҮКЧӨ

Сурама бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө суроо маанилерин кошумчалайт.

Сурама бөлүкчөлөргө ***ыя, я, ээ*** деген сөздөр кирет. Булар кээде ээ ***ыя, го ыя, го ээ*** деген өз ара айкалыштарда болуп, татаал формаларда да колдонула берет.

Тапкыла:

1.Эмне үчүн кишичил атыңды коё бересиң, ия? Эми эмне дээр экенсиң, ия? Күнөөң жок бекен сенин , ия? *(Н.Б.)* 2. -Ыя, кудай уруп, дагы чыкпай калган го дейм?- деп күлүп калды Сарыбек.(А.Ж.) 3. Чарчаган экенсиң, ээ, кагылайын кызым ?

# БОЖОМОЛДОГУЧ БӨЛҮКЧӨ

Божомолдогуч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдүн маанисинде кандайдыр шек, божомол, күмөн бар экендигин билдирет.

Булар ***бейм, белем, го*** деген бөлүкчөлөр.

1. Чамасы, дайыма көлдү жадыман чыгарбай, табиятка назарланып жашагандыкы ***бейм!*** ( К.Ж.) 2.Бизден анын эмнесин жашырасыз. Билбейт, укпайт деп ойлойсуң ***го.*** (Н.Б.) 3.Максат, умтулуу жана жашоо күрөшү андан ары уланып, адам баласынын каалоо чеги , үмүт чеги жок экен ***го.*** (К.С.) 4. Акылдуу , ойлуу көзү жалындуулугунан мага кызарып көрүнгөн ***белем,*** кийин байкасам кадимкидей эле кой көздүү экен.(Т.А.) 5. Адатынча дагы суунун боюна барып жатайын деген ***го!*** (Ч.А.)

# ЖАЛЫНЫЧ БӨЛҮКЧӨ

Жалыныч бөлүкчө ***гой** эки мааниде колдонулат:*

1. Бирөөдөн бир нерсе жөнүндө ичинен жакшы көрүү, жалынуу маанисинде өтүнүүнү билдирет. Мисалы: Эртең менен эрте турасың, уктай гой.
2. Айтылуучу ойго кекетүү, кекээрлөө маанисинде буйруу, уруксат берүү маанисин берет. Мисалы: Бара гой, экинчи бул жакка келбе!

Мисалы:

1.-Аа, айланайын... Бирөөнүн зарлап көргөн жалгызы тура. Ата-энең Зарлыгынын зарын тартып калгандыр? Өлбө, балам, өлбө,- деп кемпир маңдайынан сылап, чекемден өптү да:-Бара гой, кулунум. Эжең менен бара гой, -деди.(А.Т.) 2.–Жей гой, садага, уялба, жей гой... (К.Ө)